КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

talaskenesh@mail.ru

talaskenesh@mail.ru

Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезексиз XVIII сессиясынын №134/18-9 ТОКТОМУ

18-сентябрь, 2026-жыл **Талас шаары**

Талас шаарынын Алдашукуров көчөсү №55 дарегинде курулган жатакананын жана 55/1 дарегинде курулган Е.Абилдаев атындагы президенттик "Акылман" лицейинин имараттарын Талас шаарынын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 19-беренеси, Талас шаарынын мэриясынын 15.09.2026-жылдагы №01-19/4015 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын отурумунун корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын Алдашукуров көчөсү №55 дарегинде курулган жатакананын жана 55/1 дарегинде курулган Е.Абилдаев атындагы президенттик "Акылман" лицейинин имараттарын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (А.Суйунтбеков) тапшырылсын.

Төрага **К.Джаныбеков**